# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

Копия верна

ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

## № 3, 2019

**БИШКЕК – 2019**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮ МЕТОДДОРУ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ

*Шамырканова Н.Б.*

# МЕТОДЫ И ПРИЕМЫ РАЗВИТИЯ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*N.B. Shamyrkanova*

# METHODS AND WAYS OF DEVELOPING THE INDEPENDENCE OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

*УДК: 373.3*

*Башталгыч класстын мугалими окуучулардын окууга карата кызыкчылыгын ойготуу ыкмаларын жакшы билиши керек. Өз алдынча билимге ээ болууну уюштурууда бул маанилүү болуп саналат. Окуучуларды жаңыны ачууга алып келүү мүмкүнчүлүгү бар, өз алдынча изденүү абалды жараткан изденүү мүнөздөгү методдорду мугалим абалга жараша колдонууну билиши керек. Окутуу процессинде педагог бир гана активдүү метод тандаса да болот, ошондой эле бир нече методдордун комбинациясын да колдонсо болот. Бирок ийгилик тандалган методдор жана коюлган милдеттердин системалуулугуна жана өз ара байланышына көз каранды. Сабакта колдонулган окутуу методун тандоо бир нече шарттарга көз каранды: окутуу максатына, окуучулардын даярдыгынын деңгээлине, окуучулардын жаш курагына, материалды өздөштүрүүгө бөлүнгөн убакытка, мектептин жабдылышына, мугалимдин теориялык жана практикалык жактан даярдыгына. Окутуунун ар бир методу өзүндө методду практикада эффективдүү ишке ашырууга жардам берген ыкмалардын топтомун камтыйт. Ошол себептен, окуучулардын предметке болгон кызыкчылыгын өнүктүрүү, башталгыч класстын окуучуларынын туруктуу окуу жана предметтик билгичтиктерин калыптандыруу үчүн предметтик мазмундун мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга мүкүндүк берген сабакка ар түрдүү методдорду жана ыкмаларды киргизүү педагог үчүн абдан маанилүү.*

***Негизги сөздөр:*** *башталгыч класстын окуучулары, өз алдынча иштөө, сабак, окутуу методдору, ыкмалар, маалыматты өз алдынча издөө.*

*Учитель младших классов должен хорошо знать методы зарождения заинтересованности учеников к учебе. Она считается важным в организации обучения самостоятельному повышению образования. Есть возможность привезти учеников к открытию нового, для этого учителю нужно знать использовать методы, характерные созданию самостоятельного исследования в зависимости от ситуации. В процессе обучения педагог может выбирать как один активный метод, так и использовать комбинацию из нескольких методов. Но успех зависит от системности и соотношения выбранных методов и поставленных задач. Выбор метода обучения используемого на уроке зависит от нескольких условий: цели обучения, уровня подготовленности учащихся, возраста учащихся, времени, отведенного на изучение материала, оснащенности школы, теоретической и практической подготовленности учителя. Каждый метод обучения содержит в себе свой набор приемов, которые помогают наиболее эффективно реализовать метод на практике. Очень важно активно внедрять в урок разнообразные методы и приемы, которые позволяют педагогу учесть возможности предметного содержания для развития интереса учащихся к предмету, формирования устойчивых учебных и предметных умений младших школьников.*

***Ключевые слова:*** *ученики младших классов, самостоятельная работа, урок, методы обучения, методы, самостоятельное исследование информации.*

*The teacher of the elementary grades should know well the methods for generating pupils' interest in learning. It is considered important in the organization of training for self-improvement of education. It is possible to bring students to the discovery of a new one; for this, the teacher needs to know how to use the methods characteristic of creating independent research, depending on the situation. In the process of learning, the teacher can choose one active method or use a combination of several methods. But success depends on the consistency and the ratio of the selected methods and tasks. The choice of the method of teaching used in the lesson depends on several conditions: the purpose of training, the level of preparedness of students, the age of students, the time allotted for studying the material, the equipment of the school, the theoretical and practical preparedness of the teacher. Each teaching method contains its own set of techniques that help to implement the method in practice most effectively. It is very important to actively introduce in the lesson a variety of methods and techniques that allow the teacher to take into account the possibilities of the subject content for the development of students' interest in the subject, the formation of sustainable learning and subject skills of younger students.*

***Key words:*** *primary school students, independent work, lesson, teaching methods, methods, independent research of information.*

тындык көндүмдөрдүн өнүгүшүнө да алып барат. Муну менен бирге жалпы кызыгуу жана чыгармачылык абал түзүлөт. Ар бир окуучу жалпы ишке өз салымын кошот жана анын аткарылышына жоопкерчилик алат. Иш тажрыйба окуучуларга комплекстүү мүнөзгө ээ болгон долбоорлор жагаарын көрсөтөт, себеби өздүк кызыкчылыкка жараша иш-аракетти тандоо мүмкүнчүлүгү бар.

– Проблемалык метод – көйгөйдү коюуну (көйгөйлүү абал, көйгөйлүү маселе) жана окшош абалдарды (маселелерди, кубулуштарды) анализдөө аркылуу көйгөйгө чечим издөөнү божомолдойт. Э.Мамбетакунов жана Т. Сияевдин пикири боюнча бул методдор окуучулардын аткаруучулук ишмердүүлүгүнөн чыгармачылык-изденүү ишмердүүлүгүнө өтүүгө эффективдүү шарттарды түзөт [3, 316]. Анткени окуучуларга билим даяр түрүндө берилбейт, окуучулар билимге педагогдун жардамы менен коюлган маселелерди чечүү менен жетишишет.

– окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү методу – өз алдынча сынчыл ой-жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган метод. Методикада чакыруу, түшүнүү жана ой-жүгүртүү этаптарынан турган сабактардын өз структурасы сунушталат.

– Эвристикалык метод – конкурс, ишмердүүлүк жана ролдук оюндар, жарыш, изилдөө формасындагы ар түрдүү оюн ыкмаларын бириктирет.

Окутуунун эвристикалык методунун маңызы – мында окуучунун өздүк тажрыйбасы түзүлө тургандыгында. Окуучуга өткөн учурдагы тажрыйбалар: даяр билимдер түрүндө (традициялуу окутуу) да, дуушар кылуунун жардамы менен (проблемалуу окутуу) да, кыйынчылыкка атайын уюштурулган теориялык ишмердүүлүк (өнүктүрүүчү окутуу) да эч таанууланбастан эвристикалык окутууда окуучунун билген билими (же анын адашуусу) азыркы тарыхый маданияттык окшоштуктар менен салыштырылууда жана алар менен өз ара аракеттенишүүдө коррекцияланат (түзөтүлөт).

Эвристикалык окутууда баланын инсандыгынын калыптанышына шарт түзүлөт. Мындай сабактарда балдар өзүн түшүнүп билүүгө үйрөнүшөт, эмне маанилүү, а эмне маанисиз, эмне кызык, эмне актуалдуу экендигин аныктоого үйрөнүшөт. Алар материалды жатташпайт, ойлонушат, «билбегенден» ... башкача айтканда өзүнүн билим алуусунун траекториясын аныктоого үйрөнүшөт [4, 309].

– Изилдөөчүлүк метод окутуунун проблемалык методуна жакындап кетет. Бирок бул жерде мугалим көйгөйдү өзү түзөт. Анын милдети – көйгөйдү изилдөө боюнча изилдөөчүлүк ишти уюштуруу.

Сабакта колдонулган окутуу методун тандоо бир нече шарттарга көз каранды:

– окутуунун максатына;
– окуучулардын даярдыгынын деңгээлине;
– окуучулардын курагына;
– материалды изилдөөгө бөлүнгөн убакытка;
– мектептин жабдылышына;
– мугалимдин теориялык жана практикалык жактан даярдыгына.

Окутуунун ар бир методу өзүндө методду практикада эффективдүү ишке ашырууга жардам берген ыкмалардын топтомун камтыйт. Окутуунун берилген методдору колдонулган сабактар окуучуларга гана эмес, мугалимдер үчүн да кызыктуу. Окутуунун бардык активдүү жана интерактивдүү методдору баланы окуганга үйрөтүү милдетин чечүүгө арналган. Башкача айтканда чындык даяр берилбеши керек. Абалды анализдөөгө, маалыматты өз алдынча издөөгө, логикалык чынжырды түзүүгө жана аргументтештирилген чечимди кабыл алууга негизделген сынчыл ой-жүгүртүүнү өнүктүрүү алда канча маанилүү.

Ошол себептен, окуучулардын предметке болгон кызыкчылыгын өнүктүрүү, башталгыч класстын окуучуларынын туруктуу окуу жана предметтик билгичтиктерин калыптандыруу үчүн предметтик мазмундун мүмкүнчүлүктөрүн эске алууга мүкүндүк берген сабакка ар түрдүү методдорду жана ыкмаларды киргизүү педагог үчүн абдан маанилүү.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Б.: Бийиктик, 2011. - 145-б.
2. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. - М.: Просвещение, 1991. - С. 36.
3. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Б.: Айат, 2008. - 316-б.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Б.: Бийиктик, 2011. - 309-310-бб.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Бузурманкулова Ж.А.**

ЭПОСЫ, ТРАДИЦИИ, ПОСЛОВИЦЫ КИРГИЗСКОГО НАРОДА – НАРОДНОЕ СРЕДСТВО ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ……………………………………94

*G.K. Omuralieva, R.O. Karybekova*
KYRGYZ NATIONAL AND TRADITIONAL GAMES, CUSTOMS, PROVERBS, EPOS - ECOLOGICAL, EDUCATION AND NATIONAL RECORCES……………………………………….94

*Жумабаева Д.С.*
КОЛЛЕДЖДЕРДЕ ТОГОЛОК МОЛДОНУН «КЕМЧОНТОЙ» ПОЭМАСЫН ОКУТУУДА КЕЙС-СТАДИ УСУЛУН КОЛДОНУУ……………98

*Жумабаева Д.С.*
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МЕТОДА КЕЙС-СТАДИ В ИЗУЧЕНИИ ПОЭМЫ «КЕМЧОНТОЙ» ТОГОЛОКА МОЛДО В КОЛЛЕДЖАХ…………98

*D.S. Jumabaeva*
USE OF THE CASE-STUDI METHOD IN TEACHING THE POEM BY TOGOLOK MOLDO «KEMCHONTOI» ON COLLEGES…………………98

*Акматова Ч.А.*
КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК – МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕНИН ПЕДАГОГДОРУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН МААНИЛҮҮ КОМПОНЕНТИ КАТАРЫНДА.......................................................102

*Акматова Ч.А.*
КОММУНИКАТИВНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ КАК ВАЖНЫЙ КОМПОНЕНТ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ ПЕДАГОГОВ ДОШКОЛЬНЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЙ……………………………………102

*Ch.A. Aktmatova*
COMMUNICATIVE COMPETENCE-AS THE MOST IMPORTANTCOMPONENT OF PEDAGOGICAL CULTURE OF TEACHERS OF PRESCHOOL INSTITUTIONS.......................................................102

*Шамырканова Н.Б.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮ МЕТОДДОРУ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ...........................................106

*Шамырканова Н.Б.*
МЕТОДЫ И ПРИЕМЫ РАЗВИТИЯ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ……….106

*N.B. Shamyrkanova*
METHODS AND WAYS OF DEVELOPING THE INDEPENDENCE OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS………………………………………...106

ЖЫНЫСТЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ – БИОЭТИКАЛЫК ПРОБЛЕМА КАТАРЫ..........................................109

*Талканбаева А.Н.*
ПОЛОВОЕ ВОСПИТАНИЕ – КАК БИОЭТИЧЕСКАЯ ПРОБЛЕМА.............................109

*A.N. Talkanbaeva*
SEX EDUCATION AS BIOETHICAL PROBLEM..109

*Нуркулова Э.Р.*
ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН СТУДЕНТТЕРИНДЕ ЭТНОСТУК АҢ-СЕЗИМДИ ТАРБИЯЛОО............113

*Нуркулова Э.Р.*
ВОСПИТАНИЕ ЭТНИЧЕСКОГО САМОСОЗНАНИЯ У СТУДЕНТОВ ВУЗОВ………………………...113

*E.R. Nurkulova*
EDUCATION OF ETHNIC SELF-AWARENESS AMONG UNIVERSITY STUDENTS………………113

*Момунова Н.Д.*
МЕКТЕП КУРСУНДАГЫ ГЕОМЕТРИЯНЫ ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ОЙЛОО ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ...................................................117

*Момунова Н.Д.*
НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ФОРМИРОВАНИЯ СПОСОБНОСТЕЙ МЫШЛЕНИЯ У УЧАЩИХСЯ ПРИ ОБУЧЕНИИ ШКОЛЬНОГО КУРСА ГЕОМЕТРИИ.......................................................117

*N.D. Momunova*
SOME QUESTIONS OF FORMATION OF ABILITY TO THINK IN STUDENTS WHEN THE TRAINING SCHOOL COURSE OF GEOMETRY......................117

*Турсунова Э.А.*
ЖАЗГЫЧ АКЫНДАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАРЫН ИЗИЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ ПРИНЦИПТЕРИ...................................................122

*Турсунова Э.А.*
НАУЧНЫЕ ПРИНЦИПЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ВЗГЛЯДОВ АКЫНОВ-ПИСЬМЕННИКОВ..................................................122

*E.A. Tursunova*
SCIENTIFIC BACKGROUND IN RESEARCHES PEDAGOGICAL VIEWS OF AKYNS-WRITERS………………………………………122

*Ахмедова А.Ш.*
ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫ – БАЛАНЫН КЕЛЕЧЕГИ...................................................125